КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ШУМКАР-УЯ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШУМКАР-УЯ

2024-жылдын 12-марты Сасык-Булак айылы

**Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин I чакырылышындагы депутаттардын II сессиясынын №2- ТОКТОМУ**

**“ Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин айылдык кеңешин түзүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик- аймактык реформа жүргүзүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгын жана “Пилоттук режимде жүргүзүлүп жаткан административдик- аймактык реформанын алкагында жергиликтүү Кеңештердин иши жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-февралындагы №24 Жарлыгы менен бекитилген убактылуу Жобону жетекчиликке алып, ошондой эле Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Жобону жана ошондой эле “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомун ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 92-беренесин жана “Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамын жетекчилике алып Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин 1-чакырылышынын депутаттарынын II сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Талас районунун, “Бекмолдо айылдык округдук кеңеши” мекемеси жана Талас облусунун, Талас районунун “Осмонкулов айылдык округдук кеңеши” мекемесин бириктирүү жолу менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Талас районунун, **“Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемеси** болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук расмий (фирмалык) аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **“Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кеңеши”** мекемеси.
- Расмий тилде: Учреждение **“Айыльный кенеш айыльного аймака Шумкар-Уя”**

**Кыскартылган расмий (фирмалык) аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: **“Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кеңеши”** мекеме.
- Расмий тилде: Учреждение **“Айыльный кенеш айыльного аймака Шумкар-Уя”**

2. Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Талас районунун, Бекмолдо айыл аймагынын "Бекмолдо айылдык округдук кеңеши" мекемесинин жана Талас облусунун, Талас районунун, Осмонкулов айыл аймагынын "Осмонкулов айылдык округдук кеңеши" мекемесинин бириктирүү жолу менен Кыргыз Республикасынын, Талас облусунун, Талас районунун, **"Шумкар-уя айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесине** өткөрүп берүү актылары бекитилсин (тиркеме тиркелет ).

3. "Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесинин Жобосу бекитилсин.

4. "Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Талас району, Сасык-Булак айылы, Жумагул уулу Алымкул көчөсү №50 болуп аныкталсын.

5. Мекеме кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарынын мамлекеттик каттоосунан өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **А.К.Джумаев**

АКО – АК41

**БЕКИТИЛДИ**
**"Шумкар-Уя" айыл аймагынын айылдык кеңешинин"**
**2024-жылдын 12-марты №2**
**токтому менен**

## Өткөрүп берүү актысы

**Сасык-Булак айылы** **"12" март 2024-ж.**

Талас райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 19январь № 12 буйругу менен түзүлүп бекитилген төмөндөгү комиссия курамы:
А.Жолдошов – Талас райондук мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары, комиссиянын төрагасы;
А.Озокеева- Талас райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, комиссиянын төрагасынын орун басары;
А.Кенешбек уулу – Талас райондук мамлекеттик администрациясынын уюштуруу иштери боюнча жетектөөчү адиси, комиссиянын катчысы;
А.Раимкулов – Талас районунун салык кызматынын жекекчиси комиссиянын мүчөсү;
Ж.Ниязалиев – Талас райондук финансы башкармалыгынын жекекчиси комиссиянын мүчөсү;
Н.Жусупбеков – Талас район, шаар куруу архитектура башкармалыгынын жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
К.Турдумбеков Талас райондук агрардык башкармалыгынын жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
Д.Рысалиева Талас райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо, миграция башкармалыгынын жетекчиси;
Д.Казымбекова-Талас райондук статистика бөлүмүнүн жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
Ш.Момуналиев -Талас райондук суу чарба башкармалыгынын жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
Н.Абдрахманов -Талас токой чарбасынын жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
Б.Жусупбекова -Талас райондук мамлекеттик архивинин жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
С.Орозалиев -КР Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресрустары кызматынын Талас филиалынын жетекчиси комиссиянын мүчөсү;
А.Кенжебек уулу -КР борбордук шайлоо комиссиясынын Талас шаардык, Бакай-Ата, Талас аймактык шайлоо комиссиясынын атайын өкүлү;
Джумаев Азамат Казакович – Шумкар-Уя айылдык кеңешинин төрагасы болуп төмөндөгүдөй өткөрүп берүү актысын түздүк.
Талас облусунун Талас районунун Жергиликтүү аймактардын айылдык кенештерин өткөрүп берүү актысы.
Талас облусунун Талас районунун Бекмолдо айылдык округдук кенеши" жана Талас облусунун Талас районунун " Осмонкулов айылдык округдук кенеши" мекемеси бириктирүү жолу менен кайра түзүлгөн "Шумкар-Уя айыл аймагынын айылдык кенеши" мекемесине мекемелердин бардык кредиторлору менен карызкорлоруна карата бардык милдеттенмелери боюнча укуктардын, анын ичинде тараптар талашып жаткан милдеттенмелер боюнча укуктардын баары өтөт жана укук улантуучусу болуп эсептелинсин, атап айтканда:

Мекеме төмөнкү документтерди тиркемеге ылайык укугу өтүүчүгө өткөрүп берет:

1.1. Мекеменин уюштуруу документтерин.
1.2. Мекеменин балансындагы мүлккө болгон укуктарын ырастоочу документтер.

1.3. Мекеменин ички документтери жана отчетторун.
1.4. Архивге туруктуу сактоого өткөрүлүп берилген мекеменин иш кагаздарынын инвентаризациясы.
1.5. Сактоо мөөнөтү өтүп кеткен мекемелик документтерди жок кылууга берүү жөнүндө актылар.
Ушул өткөрүп берүү актысына ылайык, Мекеменин бардык укуктары жана милдеттери Укугу өтүүчүгө өтөт.

Мекемелер өткөрүп берет, ал эми Укугу өтүүчү бардык карызкорлорго, кредиторлорго, ошондой эле Мекемелерге өз милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда аткаргандыгы же тиешелүү милдеттенмелери токтотулгандыгы жөнүндө билдирбеген бардык кредиторлорго карата бардык укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат.

Бул өткөрүп берүү актысына Мекемеден көчүрмөлөрдү ырааттуу өткөрүп берүүнүн натыйжасында ыйгарылуучу тарап тарабынан ырааттуу түрдө кол коюлат жана бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада түзүлөт.

А.Жолдошов – комиссиянын төрагасы; ________________

А.Озокеева – төрагасынын орун басары; ________________

А.Кенешбек уулу – комиссиянын катчысы; ________________

А.Раимкулов – комиссиянын мүчөсү; ________________

Ж.Ниязалиев – комиссиянын мүчөсү; ________________

Н.Жусупбеков – комиссиянын мүчөсү; ________________

К.Турдумбеков – комиссиянын мүчөсү; ________________

Д.Рысалиева – комиссиянын мүчөсү; ________________

Д.Казымбекова – комиссиянын мүчөсү; ________________

Ш.Момуналиев – комиссиянын мүчөсү; ________________

Б.Жусупова – комиссиянын мүчөсү; ________________

С.Орозалиев – комиссиянын мүчөсү; ________________

А.Кенжебек уулу – комиссиянын мүчөсү; ________________

**Өткөрүп берди**:

Осмонкулов айылдык кеңешинин төрагасы
________________ Джумаев А.К

**Өткөрүп алды:**

Шумкар-Уя айылдык кеңешинин төрагасы
________________ Джумаев А.К